**Нажимидинова Асылкан Элчиевнанын**
**“ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери”** аттуу 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына илимий жетекчиси п.и.д., профессор С.К.Рысбаевдин

# ПИКИРИ

**Аталган изилдөө учурда актуалдуу экендиги талашсыз.** Анткени ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору филологиялык гана максатта окулуп келатканы илимий-методикалык жана педагогикалык жактан жетишсиз. Эгер биз фольклордук чыгармаларды элдик педагогиканын таалим-тарбия каражаты деп баалаcак, анда анын таалим-тарбиялык маани-маңызын туура түшүнүү жана ал аркылууЖОЖдордо студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери иштелип чыгуу жана аны практикага колдонуунун проблемаларын чечүү, окуп-үйрөнүүнүн формалары менен методдорун иштеп чыгуу керек. Мынаушундай зарылдыктан улам, аспирант А.Нажимидинова аталган темадагы кандидаттык диссертациясын жазууну колго алган.

**Диссертациялык бул изилдөөнүн максаты:** ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде улуттук балдар фольклорун окуп-үйрөнүү аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн алдына төмөндөгүдөй милдеттер коюлган:** ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде улуттук балдар фольклорун окуп-үйрөнүүнүн учурдагы абалын, анын илимий-методикалык адабияттардагы берилишин изилдөө;

-улуттук балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун маани-маңызын, этнопедагогикалык компетенттүүлүктүн дидактикалык мүнөздөмөсүн аныктоо;

- студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун формаларын, методдорун жана каражаттарын аныктоо жана аларды практикага киргизүү;

- иштелип чыккан сунуштарды педагогикалык экспериментте сыноодон өткөрүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү:**

-кыргыздын улуттук балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун, этнопедагогикалык компетенттүүлүктүн мүнөздөмөсүнүн такталышы;

- кыргыздын элдик балдар чыгармалары аркылуу этнопедагокалык компетенттүүлүктү калыптандыруунун мазмунунун аныкталышы;

-улуттук балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун формаларынын, методдорунун жана каражаттарынын аныкталышы жана алардын практикага киргизилиши;

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** Изилдөөнүн жыйынтыктары ЖОЖдорунун педагогикалык факультеттеринде улуттук балдар фольклорун окуп-үйрөнүүдө аны студенттердин этнопедагогикалык каражат катары изилдеп үйрөнүүсүнө туура багыт берүүдө, аны илимий-методикалык жактан туура уюштурууда, студенттерди даярдоодо колдонулат.

Диссертация алдына коюлган милдеттерге жараша диссертацияда төмөндөгүдөй мазмундагы изилдөө ишке ашырылды.

**Изилдөөнүн биринчи главасы “Кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык мазмуну, маани-маңызы жана анын ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окуп-үйрөнүүнүн абалы”** деп аталып, кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык маани-маңызы, анын изилденишинин жана ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окуп-үйрөнүлүшүнүн абалы, кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенциялар, алардын дидактикалык мүнөздөмөсү жана таалим- тарбиялык функциялары тууралуу кеп болду, т.а. балдар фольклорунун этнопедагогикалык маани-маңызы, анын изилденишинин абалы, ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окуп-үйрөнүлүшүнүн абалы жана студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенциялар, алардын мүнөздөмөсү, ж.б. тууралуу кеңири сөз болду.

**Изилдөөнүн “Кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттерде этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору”** деп аталган экинчи главасында изилдөөнүн материалдары жана методдору, эксперименттик материалдардын мазмуну, эксперименттик методдун уюштурулушу, анын жүрүшү жана жыйынтыктары кирди. Тактап айтканда, изилдөөнүн материалдары жана методдору, ошону менен бирге, эксперименттик материалдардын мазмуну, эксперименттик методдун уюштурулушу берилди.

Изилдөө мезгилинде бир катар жогорку окуу жайларында окутуучулар менен биргеликте иш жүргүзүп, **байкоо методун, жалпылоо жана салыштыруу методдорун** жана да **талдоо методу менен текшерүү жана талдоо методдоруна** таянуу менен анкеталык сурамжылоолор жүргүзүлдү. Ал үчүн тесттик суроо- тапшырмалардын комплекси иштелип чыккан,

суроолор менен жооптор кеңири алынган. Суроо- жооптор бир катар ЖОЖдордо өткөрүлгөн жана анын жыйынтыктары так чагылдырылган..

**Үчүнчү главада с**туденттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун модели, формалары катары: лабораториялык-практикалык иштерди өткөрүү, практикалык багытта аткарылуучу тапшырмалардын топтому иштелип чыгып, алар аркылуу окуу викторинасын өткөрүү, окуу диспуттарды практикалоо, семинар өткөрүү, реферат жана тезис, конспект жазуу, лекциялык сабактардын иштелмелери практикалык сабактардын иштелмелери ж.б. түзүү иштери аткарылды.

Изилдөөнүн соңунда алдыга коюлган милдеттерге ылайык аткарылган иштер корутундуланып, илимий-методикалык сунуштар иштелип чыккан.

Изилдөөнүн жыйынтыктары изденүүчүнүн 16 эмгегинде чагылдырылган. Анын ичинде илимий макаалалар менен бирге, ЖОЖдордун окутуучулары үчүн атайын методикалык колдонмо дагы бар.

Изилдөө өз алдынча аткарылган, актуалдуу, өзүнө коюлган талаптарга жараша толук аткарылган изилдөө катарында бааланат жана коргоого коюу алдындагы расмий талкууга сунуш кылынат.

Илимий жетекчиси: С.К.Рысбаев

КОЮЛГАН КОЛДУ ЫРАСТАЙМ
ЗАВЕРЯЮ ПОДПИСЬ
КББАнын КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
«6» 02 2021 ж. г.